2.1. Мектеп мамлекеттик каттоодон өткөндөн баштап каржылык-чарбалык жана укуктук өз алдынчалык, өзүнө мүлк, өз алдынчалык балансы, мөөрү, өзүнүн аталышындагы кыргыз жана орус тилдериндеги штампы жана бланктары, казына органдарында жана башка каржылык-насыя мекемелеринде өздүк эсеби болгон юридикалык жак болуп эсептелинет.

2.2. Мектептин мүлкү оперативдүү башкаруу укугунун негизинде, Мектеп Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык ээлик кылуу, пайдалануу жана башкаруу укуктарын ишке ашырат.

Мектептин мүлкүнүн курамына төмөнкүлөр кирет: мекемени ээлеген негизги каражаттар, жабдуулар, инвентарь, жер үлүшү жана башкалар.

2.3. Мектеп Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык, эл аралык уюмдардын фонддору, БӨУ, ЖОЖдор, колледждер, ишканалар, фирмалар, юридикалык жана физикалык жактар менен илимий-изилдөө, маданий-агартуу жана башка иш-чаралар менен өз алдынча түз байланыштарды аткара алат.

2.4. Мектеп педагогикалык, илимий жана башка ассоциацияларга жана бирикмелерге, анын ичинде эл аралык уюмдарга, олимпиядаларга, конференцияларга, конгресстерге жана башка кызматташууларга катыша алат, ошондой эле, валюталык эмес негизде окуучулар жана мугалимдер менен алмашууну жүргүзөт.

2.5. Мектеп коомдук аккредитациялоо, окуу, илимий, маданий жана материалдык колдоо алуу максатта ар кандай уюмдарга, эл аралык уюмдарга кайрыла алат.

2.6. Мектеп акча каражаттарына, мүлккө жана башка менчик объекттерге, физикалык жана юридикалык жактардан берилген белектерге, кайрымдуулук же керез катары берилген



Сканировано с CamScanner

белектерге, ошондой эле, Мектептин өздүк иш аракетинин кирешелерине, ошол түшкөн кирешеге алган менчик объекттерге болгон менчик укугуна ээ.

2.7. Мектеп уюштуруучунун макулдугу менен ага карата бекитилген мүлктү мыйзамдарга ылайык ижарага берүү укугуна ээ. Мүлккө болгон ижарадан түшкөн киреше бекитилген максаттарда пайдаланылат.

2.8. Мектеп мыйзамдарда каралаган жарандык-укуктук келишимдерди аткаруу укугуна ээ, сотто доочу же жоопкер катары болууга жана башка укуктарга жана милдеттерге ээ.

2.9. Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык Мектептин иш аракети берилген учурда жана тартипте каралгандай аттестацияга ээ.

2.10. Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына бекитилген учурларда, тартипте жана чектерде Уюштуруучулар Мектептин милдеттери үчүн жооп беришет.

## III. Мектептин иш-аракеттеринин предмети жана максаттары

3.1. Мектептин негизги максаты окуучулардын жалпы билим берүү программаларынын эң аз деген милдеттүү мазмунун өздөштүрүүнүн негизинде, аларды коомдук турмушка адаптациялоону, аңдап сезүү менен тандоону жана кийинчерээк кесиптик билимдик программаны өздөштүрүүнү жана жарандуулук тарбиянын негизин түзүү болуп эсептелет; окуучулардын чыгармачылык, интеллектуалдык өнүгүшү үчүн шарттарды түзүү жана заманбап билим берүү процессине адаптациялануууга жөндөмдүү инсандардын өсүшүнө көмөк көрсөтүү.

3.2. Мектептин ишмердүүлүгүнүн предмети башталгыч жалпы, негизги орто жана жалпы орто билим берүү программаларын ишке ашыруу.

3.4. Окуучулар үчүн мектепте ар кандай өнүктүрүүчү ишмердүүлүктүн ар кандай каражаттарынын жардамы менен чыгармачыл жөндөмдүүлүктөрүн ишке ашыруу үчүн кеңири мүмкүнчүлүктөрдү берет. Өзгөчө даяр окуучулар үчүн атайын жеке окуу планы жана программасы менен алектенүү, ошондой эле өзүнчө курстарды дагы өздөштөрүү укугун берет.

## IV. Ишмердигинин негизги принциптери

4.1. Мектеп төмөнкү принциптердин негизинде иш жүргүзөт:

- Кыргыз Республикасынын бардык жарандары сапаттуу билим алууга тең укуктуу;
- мамлекеттик билим стандарттарын так аткаруу;
- натыйжалуу билим берүү тутумун түзүү;
- жалпы билим берүү уюмунун каржы автономиясын камсыздоо;
- мамлекеттик каржы ресурстарын рационалдуу пайдалануу;
- жалпы билим берүү мекемесин бир окуучуга бирдиктүү стандартташтырылган каржылоо нормативинин негизинде бюджеттик каржылоону камсыз кылуу;
- окуу процессинин ырааттуулугу жана үзгүлтүксүздүгү;
- мамлекеттик жана муниципалдык окуу жайларында ар бир жаран башталгыч жалпы жана негизги билимди милдеттүү жана акысыз алуусу;
- акылуу кошумча билимдин жана башка кызматтардын негизинде түшкөн киреше каражаттарын өзүнчө балансta эсепке алуу менен пайдалануунун өз алдынчалуулугу;
- жалпы билим берүү мекемесинин каржылык ишмердүүгүн коомдук-мамлекеттик контролдоо үчүн ачык-айкындуулук жана жеткиликтүүлүк.



Сканировано с CamScanner

## V. Укуктары жана милдеттери

5.1. Мектеп максаттарына жетүү үчүн өз иш-милдеттерин аткарууда төмөнкүдөй укуктарга ээ:

- чыгаша сметаларын жана анын тиешелүү өзгөрүүлөрүн өз алдынча иштеп чыгууга жана бекитүүгө;
- өзүнүн материалдык-техникалык, каржылык жана кадрдык ресурстарын өз алдынча пайдаланууга;
- баштапкы, негизги, жалпы орто деңгээлинде мамлекеттик жана расмий тилдерде жалпы билим берүү программасын ишке ашырууну камсыз кылууга;
- Кыргыз Республикасынын "Билим берүү жөнүндө" мыйзамынын негизги жоболоруна ылайык окутуунун жана тарбиялоонун формаларын, каражаттарын жана ыкмаларын пайдаланууну жана түзүүнү тандоодогу өз алдынчалыкка;
- Мектепке кабыл алуу тартибин бекитүүнү камсыздоочуга:

башталгыч жалпы жана негизги жалпы билим берүү деңгээлинде, мектептин кичи аймагында жашаган жана негизги жалпы билим алууга укуктуу, окутууга жаткан бардык адамдарды кабыл алынат (берилген аймакта жашабагандарга мекемеде орун жок калган себептерде гана кабыл алуудан баш тартууга мүмкүн болот);

- Кыргыз Республикасынын "Билим берүү жөнүндө" мыйзамынын талаптарына ылайык, окуучулардын баалоо тутумун, формаларын, аралык аттестациянын мезгилдүүлүгүн тандоо өз алдынчалыгы;
- Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин регламенттөөчү актыларына ылайык Мектептин күбөлөндүрүлгөн мөөрү менен билим деңгээлинин мамлекеттик үлгүдөгү документин берүү үчүн бүтүрүүчүлөрдүн жыйынтыктоочу аттестациясын өткөрүүгө;
- негизги жалпы билим берүү программасын статусун аныктагандан тышкары кошумча билим берүү программаларын ишке ашырууга жана кошумча билим берүү кызматтарын көрсөтүүгө, анын ичинде, ар түрдүү мөөнөттөгү жана деңгээлдеги жожго чейинки даярдоочу билим программасы, атайын курстарды жана дисциплиналар циклин окутуу, репетитордук, балдарды 1-класска даярдоо программасы (даярдоо класстары), билим берүү процессин жана имаратты камсыз кылуу үчүн керектүү ар кандай кружоктордун жана спорттук секциялардын программалары жана башка кызматтар;
- билим берүү процессин оптимизациялоодо каржы ресурстарын рационалдуу пайдалануу максатында, уюштуруучунун демилгеси же макулдугу менен филиалдарды түзүү же жоюу;
- улуттук, мамлекеттик программаларды ишке ашырууга катышууга;
- мамлекеттик башкаруунун жогору турган органдарына жана кызмат адамдарына жалпы билим берүү боюнча иш-чараларды уюштуруу жана өркүндөтүү боюнча сунуштарды киргизүү;
- ассоциацияларга жана башка коомдук уюмдарга, ошондой эле эл аралык уюмдарга кирүү, алардын ишмердүүлүгүнө катышуу;
- билим берүүнү өнүктүрүү жана жакшыртуу максатында, мекемелердин, ишканалардын жана коомдук уюмдардын катышуусу менен ассоциацияларды, бирикмелерди жана башка биримдиктерди түзүүгө жана иш аракеттерине катышууга;

5.2. *Мектеп төмөнкүлөрдү камсыздоого милдеттүү:*



Сканировано с CamScanner

- жалпы билим берүүнүн сапатын жана анын мамлекеттик үлгүдөгү стандарттарына дал келүүсүн;
- окуучуларга билим берүү процессин уюштурууда жаш курактык психологиялык өзгөчөлүктөрүнө, бир тараптуулугуна, жөндөмдүүлүгүнө, кызыкчылыктарына, өмүрүн жана ден-соолугун коргоо талаптарына карап колдонгон формалардын, усулдардын жана каражаттардын адекваттуулугун;
- санитардык-гигиеналык нормалардын сакталышын;
- чектеш билим берүү деңгээлдеринин ортосундагы өз ара аракеттенүүсүн жана үзгүлтүксүздүгүн;
- окуучулардын санитардык-гигиеналык тарбиясын жана сергек жашоо образын пропагандалоону;

5.3. Окуучуларды Мектептин жалпы билим берүү программаларында, окуу планында жана ушул Уставда каралбаган эмгекке алардын жана алардын ата-энесинин (алардын ордун ээлеген адамдын) макулдугусуз тартууга тыюу салынат.
5.4. Окуучуларга карата физикалык жана психикалык зомбулук ыкмаларын пайдаланууга уруксат берилбейт.
5.5. Жалпы билим берүү мекемесинде саясий партияларды, коомдук-саясий, диний кыймылдарды жана уюмдарды түзүүгө жана иш алпарууга уруксат берилбейт.
5.6. Окуучуларды коомдук, коомдук-саясий уюмдарга, кыймылдарга жана партияларга, ошондой эле ал уюмдардын иш-аракеттерине мажбурлап тартууга жана агитациялык кампанияларга жана саясий акцияларга катышуусуна мажбурлоого тыюу салынат.

## VI. Окуу процесси

6.1. Жалпы билим берүү мекемесинде окуу мамлекеттик жана расмий тилдеринде жүргүзүлөт. Мектеп кыргыз тилин Кыргыз Республикасынын мамлектеттик тили катары мамлекеттик билим берүү стандарттарынын талаптарына ылайык окутууну ишке ашырат. Орус тили Кыргыз Республикасынын расмий тили катары саналат, ошондой эле, Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлиги тарабынан бекитилген, Базалык окуу планында каралган бир чет тили окутулат жана Мектептин администрациясы тарабынан каралган башка чет тили окутулат.
6.2. Биринчи класска 6 жаштан баштап, бирок 7 жаштан кеч эмес балдар кабыл алынат, ата-энесинин (же алардын ордун ээлеген адамдын) каалоосу менен.
6.3.Мектепке окуу жана тарбиялануу үчүн кабыл алуу буйрук аркылуу аткарылат. Мектепке кабыл алуу тартиби Кыргыз Республикасынын билим жөнүндө мыйзамына каршы келбеген кабыл алуу эрежелери аркылуу жөнгө салынат.
6.4. Жалпы билим берүү мекемеси жалпы билим берүү программасынын деңгээлине ылайык билим берүүнү үч баскычта жүргүзөт:

1-баскыч - башталгыч жалпы билим берүү (4 жыл);
2-баскыч - негизги жалпы билим берүү (5 жыл);
3-баскыч - орто жалпы билим берүү (2 жыл);

Мектепте жалпы билим берүүнүн мазмуну жалпы билим берүүнү иштелип чыккан, бекитилген жана ишке ашырылган мамлекеттик билим берүү стандарттарынын негизинде аныкталат.

6.5. Мектептин жалпы билим берүү процессин уюштуруу базалык окуу планына ылайык сабактардын ырааттамасынын негизинде түзүлөт. Ошону менен бирге жалпы билим берүү мекемеси КРнын мыйзамдарына ылайык төмөнкү график боюнча иштейт:

1-баскыч – беш күндүк иш жумасы



Сканировано с CamScanner

2-баскыч – алты күндүк иш жумасы

3-баскыч – алты күндүк иш жумасы (ага кошумча ал киргизилгендей 1 күн өз алдынча даярдануу жана профилдик атайын курстарды жүргүзүү үчүн берилет)

6.6. Академиялык сааттын узактыгы – 45 мүнөт, биринчи класстарга - 40 мүнөт.

6.7 Мектептеги класстардын саны калктын керектөөсүнө жараша аныкталат, окуу процессин жүргүзүү үчүн санитардык ченемдерден жана шарттардан көз каранды. Класста отургузулган окуучулардын саны ар бир класста 30 окуучудан кем эмес берилет эксперименттик режимде иштеген класстар үчүн уруксат берилген класста отургузулган окуучулардын саны – 25 окуучуну түзөт.

6.8 1-11-класстарда чет тили жана кыргыз тили боюнча сабак өтүүдө 2 топко бөлүп окутуу каралган (эгер класста отургузулган окуучулардын саны 30ду түзсө). Кол эмгек жана информатика сабагында 5-9-класстарда да 2 топко бөлүп окутууга уруксат берилет (эгер класста отургузулган окуучулардын саны 30ду түзсө).

6.9. Мектеп ата-энелердин (мыйзамдуу өкүлчүлүктөрдүн) каалоосу жана талабы боюнча акы төлөө негизинде узартылган күндө окуу тайпаларын, окуучуларды мектепке даярдоочу тайпаларын ачууга, ошондой эле иштеген жаштар үчүн акы төлөнүүчү жана бюджеттик негиздерде кечки, аралыктагы, тыштан окуу (10-11-класстар үчүн) класстарды уюштурууга укуктуу.

6.10. Мектепте окуу жылы 1-сентябрда башталат. 1-класста окуу жылынын узактыгы 33 жума, кийинки класстар үчүн 34 жума. Окуу жылы ичиндеги каникулдун узактыгы (суммалык) – 30 календардык күн жана жайында – 8 жумадан кем эмес, 1-класстар үчүн 3-чейректе кошумча бир жумалык каникул берилет.

Жылдык окуу-календардык график Бишкек шаарынын мэриясынын Билим берүү башкармалыгынын макулдугу боюнча Мектеп Директорунун буйругу менен бекитилет.

6.11. Жалпы билим берүү программасын толук көлөмдө өздөштүргөн окуучулар кийинки класска которулат. Окуу жылынын жыйынтыгында бир предметтен академиялык карызы бар окуучу кийинки класска шарттуу түрдө которула алышы мүмкүн. Башталгыч, жалпы жана негизги жалпы билим берүү баскычтарында окуу жылынын программасын өздөштүрө албай калган учурда, эки же андан ашык предметтен академиялык карызы болсо, кайра ошол класска калтырылат.

Которуу Педагогикалык кеңештин чечими менен жүргүзүлөт. Окуучулар мурунку баскычтын жалпы билим берүү программасын өздөштүрө алышпаса, жалпы билим берүүнүн кийинки баскычына өтүүгө уруксаат берилбейт.

6.12. Ар бир баскычты аяктаганда (I-II) тестирлөө жүргүзүлөт, анын жыйынтыгы боюнча окуучу кийинки баскычка которулат. Тестирлөө жүргүзүү үчүн окуу предметтери Мектептин педагогикалык кеңеши тарабынан аныкталат.

6.13. Мектеп окуучуларга ар кандай өнүктүрүүчү ишмердүүлүк каражаттарынын жардамы менен чыгармачылык жөндөмдөрүн ишке ашыруу үчүн кеңири мүмкүнчүлүктөрдү берет. Өзгөчө жигердүү окуучуларга индивидуалдуу окуу программасы жана планы боюнча сабактарды тандоо, ошондой эле экстернат же аралыкта билим берүү тартибинде айрым курстарды өздөштүрүү укугу берилет.

6.14 Негизги жалпы жана орто жалпы билим берүүнүн программаларын өздөштүрүү бүтүрүүчүлөрдү милдеттүү түрдө жыйынтыктоочу аттестациялоо менен аяктайт. Мектептин бүтүрүүчүлөрүн жыйынтыктоочу аттестациялоосу Кыргыз Республикасынын мектеп бүтүрүүчүлөрүн жыйынтыктоочу аттестациялоо жөнүндө Кыргыз Республикасынын мыйзамдарынын талаптарына ылайык жүргүзүлөт.



Сканировано с CamScanner

Мектептин бүтүрүүчүлөрүнө жыйынтыктоочу аттестацияны өткөндөн кийин жалпы билим берүү уюмунун күбөлөндүрүлгөн мөөрү бар, мамлекеттик үлгүдөгү билим деңгээли жөнүндө документ тапшырылат. Орто жалпы билим берүүнүн жалпы билим берүү программасын өздөштүрүүдө өзгөчө ийгиликтерге жетишкен бүтүрүүчүлөр өзгөчө үлгүдөгү күбөлүк жана аттестат алышат.

6.15 Мектеп окуучулардын өзүнчө контингентине Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык, Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлиги тарабынан бекитилген класстан тышкаркы сааттарда акысыз негизде кошумча билим берүү кызматтарын көрсөтөт.

6.16 Окуучулардын ата-энелеринин каалоосу боюнча, мектеп бекитилген окуу пландары боюнча ар кандай кошумча акы төлөнүүчү билим берүү кызматтарын көрсөтө алат. Алардын ишмердүүлүгү Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2011-жылдын 20-сентябрындагы No 563 токтомуна ылайык жүзөгө ашырылат.

6.17 Мектептеги класстардын саны санитардык жана класстарды толтуруунун максималдуу көрсөткүчтөрүн эске алуу менен жарандардын берген арыздарынын санына жараша болот.

6.20 Окуучулардын жана алардын ата-энелеринин (аларды алмаштырган адамдардын) кызыкчылыктарын эске алуу менен уюштуруучулар ортосундагы макулдашуу боюнча Мектепте даярдоо класстары жана компенсациялык билим берүү класстары (расмий тилди билбегендер жана/же даярдыгы жок балдар үчүн) бюджет боюнча же келишимдик негизде бөлүнгөн каражаттардын чегинде ачылышы мүмкүн.

6.18 Окуу жайдын окуучуларына акысыз медициналык жардам көрсөтүү атайын дайындалган саламаттык сактоо мекемеси (медициналык персонал) тарабынан көрсөтүлөт, ал администрация жана педагогикалык жамаат менен бирге дарылоо-профилактикалык иш-чараларды өткөрүүгө, санитардык-гигиеналык нормаларды, режимди сактоого, окуучулардын тамактануу сапаты жана режимине жооп берет.

6.19 Мектепте окуучуларды тамактандыруу мектептин ашканасы (атайын стандарттуу бөлмө) аркылуу ишке ашырылат.

## VII. Билим берүү процессинин катышуучуларынын укуктары жана милдеттери.

7.1. Мектептеги окуу процессинин катышуучулары болуп педагогикалык кызматкерлер, окуучулардын ата-энелери (же аларды алмаштыруучу адамдар) эсептелет.

7.2. Мектепке кабыл алуу тартиби Кыргыз Республикасынын "Билим берүү жөнүндө" мыйзамына ылайык жана ушул берилген Уставга ылайык жүргүзүлөт.

7.3. Жалпы орто билим алуу үчүн мектепке кабыл алуу окуучулардын ата-энелеринин (мыйзамдуу өкүлчүлүгү) жазган арыздары аркылуу жүргүзүлөт.

7.4. Мектепке катталуунун алдында балдардын ден соолугунун абалына жана каршы көрсөтмөлөрдүн жоктугуна көңүл бурулат.

7.5. Баланы мектепке каттоо үчүн ата-эне (же аларды алмаштыруучу адамдар) төмөнкү документтерди тапшырат:

- Мектептин жетекчисинин атына арыз;
- Ата-эненин (же аларды алмаштыруучу адамдар) катталган жери менен паспорту;
- Туулгандыгы жөнүндө күбөлүктүн көчүрмөсү;
- Баланын массалык мектепке окуу мүмкүнчүлүгү жөнүндө медиктердин корутундусу жазылган медициналык картасы;
- Жашаган жеринен маалым кат;



Сканировано с CamScanner

- Бала мурдатан окуган жалпы билим берүү уюмунун күбөлөндүргөн мөөрү менен жылдык баалары коюлган өздүк делосу; окуу жылы ичинде башка мектепке которулууда мурда бала окуган жалпы билим берүү мекемесинин мөөрү менен күбөлөндүрүлгөн бардык предметтер боюнча учурдагы бааларынын көчүрмө бөлүгү берилет;
- Толук эмес орто билим жөнүндө күбөлүгү (10-11 класстар үчүн).

7.6. Мектеп, окууга тапшырып жаткан балага жана анын ата-энесине (же аларды алмаштыруучу адамдарга) Устав менен жана окуу процессин уюштурууну регламенттеген башка документтер менен тааныштырууга милдеттүү.

7.7. Окуучулардын жана ата-энелердин (же аларды алмаштыруучу адамдардын) укутары менен милдеттери Типтүү жобонун негизиндеги Мектептин Уставы менен аныкталат (Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин 2011-жылдын 12-сентябрындагы №541 буйругу менен бекитилген).

7.8. Мектептеги окуучулар төмөнкү укуктарга ээ:

- Кыргыз Республикасынын “Билим берүү жөнүндө” мыйзамында аныкталган көлөмдө акысыз жалпы орто билим алууга;
- билим берүү формасын тандоого: күндүзгү билим (өзгөчө учурларда сырттан окуу, экстернат жана үй-бүлөлүк билим берүү);
- мамлекеттик билим берүү стандартынын алкагында индивидуалдуу окуу программасын тездетилген окууда окууга. Индивидуалдуу окуу программасын Мектептин Уставы жана ага тиешелүү кабыл алынган жоболор менен жөнгө салынат;
- мектептин китепкана-маалыматтык, маданий-спорттук жана башка ресурстарын пайдаланууга;
- кошумча (анын ичинде акы төлөө негизде) билим берүү кызматын алууга;
- Устав аркылуу аныкталган Мектептин башкаруу формаларына катышууга;
- сабактан тышкаркы убактарда чыгармачылык жөндөмдөрүн өнүктүрүү үчүн кружокторго, клубдарга, элективдүү курстарга катышууга;
- адамдын кадыр-баркын, намыстык жана маалыматтык эркиндигин урматтоого, жеке оюн жана көз карашын эркин билдирүүгө.

Окуучуларга карата физикалык жана психикалык зомбулук ыкмасын пайдаланууга уруксаат берилбейт.

7.9. Окуучуларды коомдук уюмдарга мажбурлап киргизүүгө жана ошондой эле бул уюмдардын иш-аракетине катышууга жана агитациялык кампанияларга катышууга уруксат берилбейт.

7.10. Окуу программасын толук кандуу өздөштүгөн окуучулар кийинки класстарга которулат.

7.11. Мектепте окуган окуучулардын милдеттери:

- мектептин Уставын сактоого жана аткарууга, Ички тартип эрежелерин сактоого;
- мамлекеттик билим берүү стандартынын талаптарынын деңгээлине ылайык жалпы билим берүү программасын өздөштүрүү;
- тиешелүү окуу планында жана программасында көрсөтүлгөн тапшырмалардын бардык түрүн берилген мөөнөттө аткарууга;
- демократияга умтулууга, жалпы маданиятты көтөрүүгө, моралдык жана физикалык жактан өркүндөтүүгө, өзүн туура алып жүрүүгө, толеранттуулукка жана жоопкерчилик сезимдерди өнүктүрүүгө;



Сканировано с CamScanner

- Кыргыз Республикасынын аймагында жашаган кыргыз элинин жана башка элдердин каада-салттарын сыйлоого, Мектептин кызматкерлеринин жана окуучуларынын намысын жана кадыр-баркын сыйлоого;
- Мектептин мүлкүнө жана окуунун техникалык каражаттарына аяр мамиле кылууга, зарыл болгон учурда, класстык эмеректерге майда оңдоп-түзөөгө, ал эми эгер эмеректерди бузган учурда ата-энеси менен биргеликте келтирилген зыяндын ордун толтурууга;
- олуттуу себепсиз сабактарды калтырбай ак ниеттүү окууга;
- мектеп формасына байланыштуу Мектеп талаптарын аткарууга;
- башка окуучулардын жана кызматкерлердин намысын жана кадыр-баркын урматтоого, оройлук, зомбулук жана этиятсыз мамиле кылбоого;
- Уставга жана Ички тартип эрежелеринин компетенциясына киргизилген бөлүмдүн кызматкерлеринин талаптарын аткарууга;

Тартип окуучулардын, Мектептин педагогдорунун жана кызматкерлеринин адамдык кадыр-баркын урматтоонун негизинде каралат.

7.12. *Мектептеги окуучуларга катуу тыюу салынат:*

- курал жарактарды, спирт ичимдиктерин, тамеки буюмдарын, токсикалык жана наркотикалык заттарды алып келүүгө, берүүгө же пайдаланууга;
- окуу процесси мезгилинде мобилдик телефонду пайдаланууга;
- жарылууга же өрт чыгарууга алып келген кандай гана болбосун заттарды же буюмдарды пайдаланууга;
- мамилени тактоодо же чечүүдө физикалык күч колдонууга, коркутууга жана опузалоого;
- айлана-чөйрөгө аркасынан коркунучтуу кесепеттерди алып келген ар кандай аракеттерди жасоого.

Окуучулардын башка милдеттери жергиликтүү ченемдик актылар менен, барынан мурда Коопсуздук техника боюнча эрежелер, Мектептин Директорунун буйругу менен аныкталат.

7.13. ***Ата-энелер (же аларды алмаштыруучу адамдар) укуктуу:***

- жалпы билим берүү мекемесинен билим берүү мекемесин жана окутуу формаларын тандоого;
- балдардын мыйзамдуу укуктарын жана кызыкчылыктарын коргоого. Ушул максатта ата-энелер Мектеп директоруна жазуу түрүндөгү арыз менен кайрылууга укуктуу, ал эми арыз түшкөн күндөн баштап бир айдын ичинде жазуу түрүндө жообун берүүгө милдеттүү. Коюлган баалардын негизинде ата-эне менен мугалимдердин ортосундагы келишпестиктер чыгып калган учурларда, окуучунун билимин текшерип жана тиешелүү бааларды кое турган предмет-адистеринен (методисттерди да кошуусу мүмкүн) турган көз карандысыз комиссия түзүлөт;
- алардын баласынын жетишкендиктери жана жүрүм-туруму жөнүндө суроолор көтөрүлгөндө, педагогикалык кеңештерде болууга жана талкууларга катышууга;
- окуу процессинин жүрүшү жана мазмуну менен, окуучулардын жетишкендиктеринин баасы менен таанышууга жана ушул максатта бала окуган мугалимдердин сабактарына катышууга укуктуу (Мектеп директорунун уруксаты менен жана сабак өтүп жаткан мугалимдин макулдугу менен);
- акыркы сабак аяктагандан кийин мектепке барууга жана мугалимдер менен баарлашууга (окуу-тарбиялык процесстин бүтүндүгүн бузбоо үчүн);
- берилген Уставда көрсөтүлгөндөй Мектепти башкарууга катышууга;



Сканировано с CamScanner

- мектепти өнүктүрүү максатында коомдук бирикмелерди, фонддорду түзүүгө.

7.14. ***Ата-энелер (же аларды алмаштыруучу адамдар) милдеттүү*: Мектептин Уставын аткарууга;**

7.14.1. балага негизги жалпы билим алуу үчүн тиешелүү шарттарды түзүп берүүгө;

7.14.2. баланын академиялык карыздарын жок кылууну камсыздоого;

7.14.3. ата-энелер чогулуштарына катышууга, педагогдордун же администрациянын сураныч менен мектепке келип берүүгө;

7.14.4. баланын саламаттыгына кам көрүүгө, анын оорусу жөнүндө Мектепке убагында маалыматтарды берип турууга, ооруп жаткан баланы мектепке жөнөтпөөгө, 2 күндөн ашык калтырганда доктурдун маалым катын көрсөтүүгө;

7.14.5. КРнын мыйзамдарында көрсөтүлгөн тартипте, алардын баласы Мектепке алып келген зыяндын ордун толтурууга;

7.14.6. келишимдин шарттарына ылайык, акылуу кошумча билим берүү кызматтары үчүн бекитилген акыны өз маалында төлөп турууга;

7.14.7. башка окуучулардын жана алардын ата-энелеринин (мыйзамдуу өкүлдөрүн), Мектептин кызматкерлеринин кадыр-баркын сыйлоого;

7.14.8. педагогдорго жана Мектептин кызматкерлерине болгон мамилелердеги жүрүм-турумунун этикасын сактоого;

7.14.9. баланы тарбиялоодо жоопкерчилик алууга;

7.14.10. балдар укугу жөнүндө Конвенциянын принциптерин сактоого.

7.15. Ата-энелердин (же аларды алмаштыруучу адамдар) башка укуктары жана милдеттери Мектептин Уставына ылайык билим берүү мекемеси менен алардын ортосунда бекилүүсү мүмкүн.

7.16. Жалпы билим берүү мекемесинин кызматкерлерин топтоо тартиби анын Уставы аркылуу жөнгө салынат. Педагогикалык ишке керектүү педагогикалык квалификациясы, берилген кызматка жана алынган кесипке туура келген талаптардын квалификациялуу мүнөздөмөсү, билими жөнүндө ырастаган документи бар ошондой эле атайын билими жок жактар Мектептин Педагогикалык кеңешинин чечими жана 3 айлык сыноо мөөнөтү менен кабыл алынышы мүмкүн.

7.17. Мектептин кызматкери менен администрациянын мамилеси Кыргыз Республикасынын эмгек мыйзамы менен жөнгө салынат. Эмгек келишиминин жарамдуулук мөөнөтү Кыргыз Республикасынын эмгек жөнүндө мыйзамдарына ылайык аны бекитүүдө кызматкер жана жумуш берүүчү тарабынан аныкталат.

7.18. **Мектептин кызматкерлери төмөнкү укуктарга ээ:**

- Мектептин башкаруусуна берилген Уставда аныкталган тартипте катышууга;
- профессионалдык намысын жана кадыр баркын коргоого;
- мамлекеттик билим стандарттарынын негизги жоболоруна жана билим жаатындагы нормативдик башка документтерге ылайык, эркин тандоого, окуу жана тарбия ыкмаларын, окуу китептерин, окуу куралдарын жана материалдарын, окуучулардын билимин баалоо ыкмасын, шык жана жөндөмдөрүн түзүүгө жана пайдаланууга;
- практикада алдыңкы педагогикалык тажрыйбаны киргизүүгө;
- профессиялык квалификациясын жогорулатууга;
- Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында көрсөтүлгөн кыскартылган иш жумасына жана төлөнүүчү эмгек өргүүсүнө, социалдык кепилдиктерге жана льготаларга;
- тиешелүү квалификациялык категориядан аттестация өтүүгө.

7.19. **Мектептин кызматкерлери милдеттүү:**



Сканировано с CamScanner

- педагогикалык этиканын нормаларын жана Мектептин Уставын сактоого жана аткарууга;
- окуучуларга мамлекеттик билим берүү стандарттарынын деңгээлинин талаптарына ылайык жалпы билим программаларын өздөштүрүүнү камсыздоого;
- өз алдынчалуулукту, жумушка болгон чыгармачыл мамилени өнүктүрүүгө, окуучулардын жүрүм-турумунда жогорку моралдык сапатты түзүүгө;
- билим сферасындагы мамлекеттик ыйгарым укуктуу органдары бекитип берген кызматка болгон квалификациялык талаптарга туура келүүгө;
- ар дайым өзүнүн кесиптик деңгээлин өнүктүрүүгө жана квалификациясын жогорулатууга;
- окуучуларга карата моралдык жана физикалык зомбулук ыкмаларын пайдаланбоого;

7.20. Мектептин башка категориядагы кызматкерлеринин укуктары жана милдеттери Мектептин тиешелүү кызматтык инструкциялары менен иштелип чыккан типтүү квалификациялык мүнөздөмөнүн негизинде жана берилген Устав менен аныкталат.

## VIII. Мектептин структурасы

8.1. Жалпы билим берүү мекемесинин структурасы Бишкек шаарыны мэриясынын Билим берүү башкармалыгынын, Мектептин директору тарабынан койгон маселелерди эске алуу менен жана берилген Устав менен аныкталат.

8.2. Кызматкерлердин саны каржы ресурстарына жана окуучулардын санына карап, Мектеп тарабынан өз алдынча аныкталат.

Кызматкерлердин функционалдык милдеттери Директор бекиткен ички жоболор менен аныкталат.

## IX. Мектепти башкаруу

9.1. Мектепти башкаруу Кыргыз Республикасынын "Билим берүү жөнүндө" мыйзамына ылайык жана берилген Устав менен демократиялуулук принциптерге, ачык-айкындуулукка, жалпы адамдык баалуулук приоритеттерге, адамдын өмүрүн жана ден соолугун коргоо, инсандыктын эркин өнүгүүсүнө карап ишке ашырылат.

9.2. Мектептин Жогорку башкаруу органы болуп, Бишкек шаарынын мэриясынын Билим берүү башкармалыгы эсептелинет.

Мектепти башкаруунун Жогорку органынын ыйгарым укуктарына төмөнкүлөр кирет:

- Уставды бекитүү, Мектептин Уставына өзгөрүүлөрдү жана кошумчаларды киргизүү;
- Мектептин ишмердүүлүгүнүн негизги багытын аныктоого (анын ичинде билим берүү боюнча), алардын аткарылышы боюнча окуу пландарын жана отчетторду бекитүү;
- директорду бекитүү жана пикирлерди кабыл алуу, анын отчетторун бекитүү;
- Мектептин акча каражаттарынын кирешелеринин жана чыгашаларынын жылдык, кварталдык отчетторун, Мектептин ишмердүүлүгү жөнүндө маалыматтарды алуу;
- Мектепти материалдык-техникалык жана каржылык камсыздоо.

9.3. Мектептин түздөн-түз жетекчилигин Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында аныкталган тартипте бекитилген Директор ишке ашырат.

9.4. Мектеп Директору:



Сканировано с CamScanner

- Кыргыз Республикасынын Конституциясын, Кыргыз Республикасынын "Билим берүү жөнүндө" жана "Мугалимдин статусу жөнүндө" мыйзамдарын, орто жалпы билим берүү жаатындагы башка ченемдик укуктук актыларды сактайт жана аткарат;
- педагогикалык коллективге жетекчилик кылат;
- Мектептин штаттык ыраатамасын бекитет, кадрларды туура тандоону жана дайындоону камсыз кылат;
- өзүнүн ыйгарым укуктарынын чегинде бардык кызматкерлер жана окуучулар милдеттүү түрдө аткара турган буйруктарды жана токтомдорду чыгарат;
- Мектеп кызматкерлерин жумушка алууну жана иштен кетирүүнү аткарат;
- Билим берүүнүн райондук борборунун макулдугу менен директордун орун басарларын бекитет жана алып салат, штаттык ыраттамага ылайык сыйлыктарынын өлчөмүн аныктайт.
- кызматкерлердин эмгек акысы жана сыйлык акыларынын ички жоболорун бекитет;
- насыяларды бөлүштүрүүчү болуп саналат жана эсеп жана каржы документтерине биринчилерден болуп кол коюу укугуна ээ;
- бюджеттик жана атайын каражаттардын чыгаша сметасын бекитет, чыгаша сметасынын аткарылышы боюнча отчетко жана балanska кол коет жана бекитет;
- мыйзамдарга ылайык, берилген Уставга ылайык ишеним каты жок Мектепти бардык органдарга, мекемелерге, ишканаларга тааныштырат, ишеним катты берет, Мектепке банктык эсеп ачат, келишимдерди жана контракттарды бекитет, Мектеп, мүлктүн ээсинин макулдугу менен жана башка жол менен алып алууга же Мектепке ыкчам башкаруу укугуна ээликти бекитүүдөн сырткары анын мүлкүн иштетүү укугуна ээ.
- каражаттардын максаттуу пайдаланып жатканын, Мектептин өз убагында жана толук каржылануусун бекитилген чыгаша сметасына ылайык көзөмөлдөйт;
- окуу жүктөмүн бөлүштүрүүнү аткарат, эмгек паспортун толтурууда комиссиянын чечимин жана эмгек акысынын тартиби жөнүндө Нускаманын негизинде эмгек акынын ченин бекитет, колдо болгон каражаттардын чегинде кошумча акынын түрлөрүн жана стимулдаштыруу мүнөздөгү акыларды аныктайт;
- мектептин педагогикалык кызматкерлеринин чыгармачылык өсүүсү, алардын окутуудагы жана тарбиялоодогу өткөрүп берүүчү формаларын жана ыкмаларын колдонууну, педагогикалык эксперименттерди ишке ашыруусу үчүн шарттарды түзүп берет;
- окуучуларды кабыл алуу, бүтүрүү, которуу, четтетүү жана калыбына келтирүүнү уюштурууну, материалдык-техникалык базаны өнүктүрүү жана күчтөндүрүү боюнча иш-чараларды өткөрүүнү, окутуунун коопсуздук боюнча шарттарын түзүүнү аткарат;
- кошумча билим берүү кызматтарын көрсөтүү тартибин жана шарттарын аныктайт;
- окуу-тарбия иштери боюнча орун басарлары менен окуу-тарбия иштерин көзөмөлдөөнү, окуучулардын билиминин жана жүрүм-турумунун сапатын, класстан тышкаркы жана класс ичиндеги иштерди уюштурууну жана мазмунун, педагогдордун иш-аракеттерин, башка түрдөгү бардык окууну, тарбиялык иш-чараларды аткарат;
- өзүнүн функционалдык милдеттерине жараша бардык иштерди аткарат.

9.5. Жалпы билим берүү мекемесинин директору ата-энелер жана мамлекет алдында, коом жана Кыргыз Республикасынын эмгек мыйзамында, келишимде (контрактта) жана



Сканировано с CamScanner

учурдагы Уставда каралган өзүнүн функционалдык милдеттерине ылайык уюштуруучунун өзүнүн иш аракеттеринин алдында жеке жоопкерчиликти алат.

9.6. Мектептин директорунун орун басарларынын жана башка кызматтык жактардын ыйгарым укуктарын кызматтык жактардын функционалдуу милдеттери жөнүндө Жобого ылайык Директор тарабынан аныкталат.

9.7. Мектептин кошо башкаруу формасы болуп, педагогикалык, илимий-усулдук, камкорчулар кеңеши, эмгек коллективинин жалпы жыйыны, жалпы мектептик ата-энелер комитети жана окуучулардын өз алдынча башкармалыгы эсептелет.

9.8. Мектептин кошо башкаруу органдары (камкорчулар кеңеши, педагогикалык кеңеш, илимий-усулдук кеңеш жана жалпы мектептик ата-энелер комитети) мектеп окуучуларынын бирдик формасын жана ар кандай өзгөчөлүү белгилерди бекитет.

9.9. **Мектептин Камкордук кеңеши** юридикалык макамы жоктугуна карабастан, берилген Уставдын негизинде, "Кыргыз Республикасынын мамлекеттик жана муниципалдык жалпы билим берүү уюмдарынын камкордук кеңеши жөнүндө" Жобонун жана "Коомчулуктун билим берүү уюмдарын мектепке чейинки, мектептеги жана мектептен сырткары окуу тутумун башкарууда катышуусу жөнүндө" жобонун негизинде иш аракеттерди жасайт.

9.10. Камкордук Кеңештин негизги максаты болуп, Мектептин иш-аракеттерине коомдук көзөмөлдөөнүн жарандардын катышуусу менен камсыз кылуу, Мектептин коомчулук менен натыйжалуу мамилесин ыраатоо, уюмдардын күчүн жана керектүү жарандарды бириктирүү, билим берүү уюмунун уставдык функцияларын ишке ашыруу, материалдык-техникалык жана окуу базасын чыңдоого багытталган уюмдардын жана жеке жарандардын биргелешкен аракеттерин бириктирүү, ошондой эле жалпы билим берүү уюму тарабынан бюджеттик жана бюджеттен сырткаркы каражаттарды максаттуу колдонуусун көзөмөлдөө болуп саналат.

9.11. Камкордук Кеңеш окуучулардын ата-энелеринен (мыйзамдуу өкүлдөр), жарандык коомдук уюмдун (коомдук бирикмелер, фонддор, мамлекеттик эмес мекемелер, юридикалык жактардын бирикмеси жана башка уюмдар) өкүлдөрүнөн, бизнес-ассоциациялардан, профессионалдык союздардан, ошондой эле жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын өкүлчүлүктөрүнөн түзүлөт.

9.12. Окуу-тарбия процессин өнүктүрүү жана жакшыртуу, мугалимдердин жана класс жетекчилердин кесиптик-чеберчилигин жана чыгармачылыгын өстүрүү максатында, Мектепте Педагогикалык кеңеш - Мектептин директорунун көрсөтмөсүнүн алдында, Мектептин педагогикалык кызматкерлерин бириктирген коллективдүү орган иш алпарат.

Мектептин **Педагогикалык кеңешин** (мындан ары - Педсовет) мектептин бардык педагогикалык кызматкерлери түзөт. Педагогикалык кеңештин компетенциясына:

- мектептин окуу-тарбия процессинин абалын, мугалимдердин кесиптик даярдыгынын деңгээлин, окумуштуулугун, тарбиясын жана Мектептеги ар бир окуучунун өсүүсүн баалоо;
- бүтүрүүчү эмес окуучулардын класстары үчүн аралык аттестацияны өткөрүү тартибин аныктоо;
- 9-11-класстардагы окуучулардын жыйынтыктоочу аттестациясын өткөрүү үчүн предметтердин санын аныктоо;
- 1 академиялык карызы бар окуучунун шарттуу негизде кийинки класска которот;
- Окуу жылынын жыйынтыгынын негизинде 2 же андан ашык академиялык карызы болгон окуучуну кайталоо жылга калтыруу;



Сканировано с CamScanner

- Толук көлөмдө билим берүү программасын өздөштүргөн окуучуларды кийинки класска которуу;
- Окуу-тарбия процессин өнүктүрүүдө келип чыккан жана педагогикалык маселелерди чечүү жана анын жогорку сапатын камсыздоо;
- Педагогикалык кадрларды аттестациядан өткөрүү жана даярдыктарды уюштуруу жана аткаруу;
- Мектеп директорунун жана анын орун басарларынын отчетун угуу, алардын ишин өнүктүрүү боюнча сунуштарды киргизүү;
- Мектептин иш-аракеттеринин токтотуу боюнча маселелерди кароо (реорганизация, жоюу).

Мектептин Педагогикалык кеңеши зарыл учурларда директор тарабынан чакырылат.

9.13. Мектептин **Илимий-усулдук кеңеши** (мындан ары – Усулдук кеңеш) Мектептин көбүрөөк тажрыйбалуу педагогикалык кызматкерлеринен, ошондой эле, окуу-тарбия процессин усулдук камсыздоону уюштуруу жана координациялоо үчүн билим берүү жаатындагы илимий кызматкерлерден жана адистерден, педагогикалык кадрлардын усулдук окуусунан түзүлөт. Усулдук кеңеште предметтик жана башка бирикмелер, тайпалар ж.б.д.у.с. түзүлүшү мүмкүн. Усулдук кеңештин компетенциясына:

- Мектептин окуу-тарбия процессинин жана усулдук иштеринин усулдук камсыздоо абалын баалоо;
- Мугалимдердин чыгармачылык тайпаларынын иштерин жана башка бирикмелерин түзүү жана уюштуруу;
- Окуу-тарбия процессинин усулдук камсыздоосун, педагогикалык кадрлардын усулдук окутуу максаттарын жана маселелерин түзүү;
- Педагогикалык кадрлардын квалификациясын жогорулатуудагы ыкмасын, мазмунун жана формасын аныктоо;
- Педагогикалык кадрлардын усулдук окуусун пландоону, уюштурууну жана жөнгө салууну ишке ашыруу, анын жыйынтыктарын анализдөө жана баалоо;
- Мектеп коллективинин регламенттелген иш-аракеттеринин документтерин иштеп чыгуу жана толтуруу;
- Айрым мугалимдердин ишинин өнүктүрүүсү боюнча сунуштарынын отчетун угуу;
- Кызматкерлерди жана окуучуларды сыйлоо жана ардактуу наамдары менен сыйлоо жөнүндө бекитилген жеке ысымдуу стипендиялар, ошондой эле, аларга кошумча акы боюнча сунуштарды кароо;

9.14. Мектептеги коомдук уюм катары **класстык жана жалпы мектептик ата-энелер комитети** каралат. Алар, балдарды окутууда жана тарбиялоодо, үй-бүлө жана мектепти бириктирүү аракетине таасирин тийгизишет, социалдык жактан корголбогон окуучуларды аныктоого жана коргоого жардам беришет.

9.15. Ата-энелер комитети класстык чогулушта тандалып, класстын ичинде 3 төн кем эмес сандагы мүчөдөн турат. Тандалган мүчөлөр төрагасын жана секретарын тандап алышат. Жалпы класстык чогулушта Жалпы мектептик комитетке бир өкүлчүлүктү кошо тандап алышат.

9.16. Класстык ата-энелер комитетинин тандалган өкүлдөрү түзүү керек деп эсептеген жалпы мектептик ата-энелер комитетин, комитеттин төрагасын, секретарын, комиссиянын төрагасын да түзүшөт. Жалпы мектептик ата-энелер комитетинин төрагасы Педагогикалык кеңештин да мүчөсү болуп эсептелет.

9.17. Жалпы мектептик ата-энелер комитети:



Сканировано с CamScanner

- Ар кандай формадагы материалдык жардамды көрсөтүү керек болгон окуучулардын тизмесин талкуулашат жана бекитишет;
- Зарыл учурда жалпы мектептик ата-энелер комитети Коомдук фонд түзүшөт;
- Мектепти кайтаруу керектиги жөнүндө чечимди кабыл алышат жана аны камсыздоо үчүн ыктыярдуу салым чогултууну уюштурат;
- Мектептин чарбалык жана окуу-материалдык базасын күчтөндүрүүгө жардамдашат;
- Мектеп жашоосу боюнча маселелерди талкуулашат жана сунуштар формасында чечимдерди кабыл алышат;
- Мектептин жашоосуна активдүү катышуусу үчүн ата -энелерди тартышат, класстан тышкары жана мектептен тышкары иштерди уюштурат;

9.18. Мектепте ошондой эле өз ыктыярчыларды каалоосу менен **окуучулардын өз алдынча башкаруу жана окуучулук уюмдарын** түзүүгө болот. Мектеп, окуучулук уюмдун өкүлүнө керектүү маалыматтарды берип турат жана окуучулардын кызыкчылыктарына тиешелүү маселелер болгон учурда Мектеп башкармалыгынын жыйындарына катышууга уруксат берет.

## X. Каржылоо булагы жана каражаттарды пайдалануу тартиби

10.1. Мектептин негизги каржы каражаттарынын булагы:

- республикалык жана жергиликтүү бюджеттик каражаттар;
- башка физикалык жана юридикалык жактардын ыктыярдуу кайрымдуулуктары;
- өндүрүмдү жана кызматты ишке ашыруудан, андан тышкары уруксаат берилген көз карансыздык ишмердүүлүктөн келип түшкөн киреше;
- көрсөтүлгөн кошумча акылуу окуу кызматынан алынган ата-энелерден (алардын ордун ээлеген жактар) түшкөн каражат;
- эл аралык уюмдардан грант түрүндө;
- *Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына каршы келбеген башка булактар.*

10.2. Мектепти каржылоо мамлекеттик бюджеттин каражатынын эсебинен, киши башына бюджеттик каржылоонун минималдуу стандартынын негизинде каржылоо бир окуучуну эсепке алуу менен билим берүү мекемесинин тибине жараша жүзөгө ашырылышы мүмкүн.

10.3. Мектеп өзү ээ болгон каржы каражаттарды өз алдынча бөлүштүрөт. Мектеп, кызматкерлерге эмгек акынын коюмдарын квалификациялык талаптарга ылайык Билим берүү уюмдарынын кызматкерлеринин эмгек акысын бөлүштүрүү тартиби жөнүндө инструкциянын негизинде (КР нын Өкмөтүнүн 2011-жылдын 1-июнундагы № 270 токтому) белгилейт, үстөк акылардын, кошумча акылардын жана башка кызыктыруучу төлөмдөрдүн түрлөрүн жана өлчөмдөрүн аныктайт, эмгек акыга бөлүнгөн каражаттар, ошондой эле штаттык расписание жана кызмат милдеттерин бөлүштүрүүнү өз алдынча тескейт.

## XI. Ушул Уставга өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду кабыл алуу

11.1. Ушул Уставга өзгөрүүлөрдү жана кошумчалоолорду Мектептин эмгек коллективинин жалпы жыйынында кабыл алынат, Кыргыз Республикасынын мыйзамында бекитилген Бишкек шаардык мэриясынын Билим берүү башкармалыгы тарабынан бекитилет.



Сканировано с CamScanner

## XII. Мектептин ишмердигин контролдоо

12.1. Жалпы билим берүү мекемесинин ишмердигин контролдоо Кыргыз Республикасынын мыйзамдарынын жана ушул Уставдын аныкталган тартибинде ишке ашырылат.

## XIII. Мектептин ишмердигин токтотуу

13.1. Жалпы билим берүү мекемесинин ишмердүүлүгү жок болуу түрүндө же кайрадан уюштурууда, (кошулуу, биригүү, бөлүнүү, бөлүнүп чыгуу, жаңылануу) уюштуруучунун же соттун чечими менен токтотулушу мүмкүн.

13.2. Жалпы билим берүү мекемеси жок болуу түрүндө же кайрадан уюштурууда, эрежеге ылайык, окуу жылынын аягында уюштуруучу окуучулардын ата-энелери (алардын ордун ээлеген башка адамдар) менен макулдашуу жүргүзүп, башка билим берүү мекемесине которууну өз жоопкерчилигине алат.

13.3. Жок кылуу Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында каралган жок кылуу боюнча комиссиянын тартиби менен жүргүзүлөт.

13.4. Жалпы билим берүү мекемесинин иш алып баруу процессинде келип чыккан документтер Кыргыз Республикасынын "Кыргыз Республикасынын улуттук архив фонду жөнүндө" мыйзамына ылайык пайдаланылат жана сакталат.

Мектептин директору Уметалиева К.Д.



Сканировано с CamScanner